| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ПАНФИЛОВ РАЙОНУ<br>КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН<br>КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

21.11.2023 ж. № 84/XXIV – 4

**Кайыңды шаарында Казаченко н/ж көчөсүндө жайгашкан ээси жок кыймылсыз мүлктү каттоого макулдук берүү жөнүндө.**

Кайыңды шаарынын мэриясынын «Казаченко н/ж көчөсүндө идентификациялык номери 7 – 07 – 020001 – 0542 болгон ээсиз кыймылсыз мүлктү Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин алдындагы Ресурстук кызматынын Панфилов районундагы филиалына 3 жылдык мөөнөткө чейин учетко коюу" жөнүндө катын карап чыгып, ошондой эле 1996-жылдын 8-майындагы №15 Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 257-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык жана 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 45-беренесинин 1-бөлүгүнүн 8-пунктуна ылайык, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы, токтом кылат:

1.Кайыңды шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик боюнча бөлүмүнө Кайыңды шаарынын Казаченко н\ж даректе жайгашкан ээсиз кыймылсыз мүлктү 3 жылдык мөөнөтү менен Кыргыз Республикасынын айыл чарба министерствосунун алдындагы Жер ресурстары кызматынын Панфилов филиалына каттоого макулдук берилсин.

2.Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине каттоо жана киргизүү үчүн Чүй – Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайыңды шаардык кеңешинин жер, турак-жай жана агрардык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Э.Т. Иманкулов**